DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таиров Х.Р., Кыпчакова Ж.С.*

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНДАГЫ ЧЕК АРА МАСЕЛЕЛЕРИ

*Таиров Х.Р., Кыпчакова Ж.С.*

# ПРИГРАНИЧНЫЕ ПРОБЛЕМЫ КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА

*Kh. Tairov, J. Kypchakova*

# BORDER PROBLEMS OF THE KADAMZHAY DISTRICT

*УДК: 94* (575.2)

*Макалада Кадамжай районундагы чек ара маселелери изилденди. Аралаш суу пайдаланууну, колхоздордо административдик чарбалык тейлөөнү жакшыртуу, территориялык шарттарды түзүүнү эске алып, республикалык чек араны жаңыдан аныктоо зарылгы келип чыккан. Кадамжай районунун чек ара маселелери, чектеш республикалар менен түзүлгөн келишимдердин орду, мамлекеттик чек араларды эл аралык укуктук негизде аныктоо делимитациялоо жана демаркациялоонун натыйжалуулугу иликтөөгө алында. Архивдик булактарга, илимий изилдөөлөргө, чыр-чатактардын жыйынтыктарына карата анализ жасалды. Азыркы учурда өкмөттөр аралык каралып жаткан келишимдердин аткарылышын жогорулатуу, түзүлгөн келишимдер боюнча аткарылуучу иштер боюнча маселелерди чечүү жолдору талданган. Коңушу өлкөлөрдүн жоосунсуз аракеттери, эл аралык протоколдордун аткарылбай жаткандыгыны анализденди. Кыргызстандын кызыкчылыгы үчүн келишимдердин багыттагы жетишкендиктер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр каралды. Өлкөнүн чек ара саясатына карата ой-пикирлер, илимий сунуштар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *эл аралык укук, чек ара, делимитациялоо, демаркация, келишим, протокол, токтом, документ, ратификация, декларация, анклав.*

*В статье были исследованы приграничные проблемы Кадамжайского района. Необходимо определить государственную границу с учетом создания территориальных условий, улучшения использования воды, административно-хозяйственного обслуживания и т.д. К пограничным вопросам место соглашений с соседними республиками, определение государственных границ на основе международного права, эффективность делимитации и демаркации. Были анализированы архивные источники, научные исследования, результаты конфликтов. Анализируются пути выполнения межправительственных соглашений, решения вопросов, связанных с выполнением действующих соглашений. В интересах Кыргызстана были рассмотрены некоторые недостатки, в том числе подвижки в направлении договоренностей. Относительно пограничной политики страны были даны мнения в научных рекомендациях.*

***Ключевые слова:*** *международное право, граница, делимитация, демаркация, договор, протокол, резолюция, документ, ратификация, декларация*

*There is a need to redefine the national border, taking into account the creation of territorial conditions, improving the use of mixed water, administrative and economic services on collective farms. The historical facts of the Soviet era confirm that the inter-republican lands were intertwined. but the main problem was considered to be one-sided critical views. The border issues of the Kadamzhay region include the role and place of agreements with neighboring republics, the definition of state borders on the basis of international law, the effectiveness of delimitation and demarcation.*
*Archival materials, scientific research, analysis of the results of the conflict. Ways to increase the implementation of intergovernmental agreements and address issues related to the implementation of existing agreements are analyzed. In the interests of Kyrgyzstan, some shortcomings were considered, including moves towards agreements. Regarding the border policy of the country, opinions were given in scientific recommendations. Analyzed the brutal actions of neighboring countries, non-compliance with international protocols.*

***Key words:*** *international law, border, delimitation, demarcation, agreement, protocol, resolution, document, ratification, declaration.*

Мамлекеттик аймак (территория) эгемендүү өлкөнүн негизги белгилеринин жана элементтеринин бири болуп саналат. Мамлекеттик аймактын алкагында, анын үстүнөн толук жана эч кандай шарттарга баш ийбеген эгемендикке ээ болгон мамлекеттин гана бийлиги өкүм сүрөт. Ал эми мамлекеттик деген түшүнүк - эл аралык укуктун негизинде, жердин астын жана анын үстүндөгү аба мейкиндиктерин бириктирген, мамлекеттик эгемендүүлүгү өкүм сүргөн жер шаарынын бир бөлүгүн билдирет [1, 219]. Мамлекеттик аймактын үч чөйрөсүнө ылайык, кургактагы, суу бетиндеги жана аба мейкиндигиндеги чекаралар белгиленет [2, 146]. Мамлекеттик аймак менен мамлекеттик чек ара биригип, дүйнөлүк коомчулукка мамлекеттин так аныкталган аймактык белгилерин көрсөтүп, жер жүзүнүн бир бөлүгүндөгү эл чек арасы такталып, бекитилген мамлекетти түзгөндүгүн ырастайт. Дүйнөлүк коомчулук, аймакка карата мамлекеттин эмгегин укугун таанышы үчүн эң негизги талап кылынган шарт ошол мамлекет өз чекараларын коңушу өлкөлөр менен макулдашуунун негизинде аныкташы зарыл экендиги. Эл аралык укуктун ушул талабына ылайык, Кыргызстан коңушу мамлекеттер менен эл аралык укуктук эрежелердин нугунда тариздей элек чек араларын келишимдик негизде бекитүүгө тийиш. Бүгүнкү дүйнө түзүлүшүндө мамлекеттик чек араларды эл аралык укуктук негизде аныктоо делимитациялоо жана демаркациялоо иштерин камтыган эки баскыч аркылуу өтөт [3, 137].

Кадамжай районундагы чек ара маселелеринин чечилбей жатканы жергиликтүү элге терс таасирлерин тийгизүүдө. Анклавга айланган жерлердеги жа-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



шоочулар жайыт, сугат системасы, транспорт каттамдары боюнча чыр-чатактарды уламдан улам өнөкөт адат катары кабылдашкан.

Кыргыз ССРинин мезгилинде Халмион району менен өзбек ССРинин Алты-Арык жана Фергана райондорунун колхоздорунун ортосундагы жер территориялык чыр-чатактары катталып, бир топ жылдардан бери уланып келгендиктен, аталган райондордун жетекчилери тарабынан четтетүү боюнча бир нече жолку жасаган аракеттеринен майнап чыккан эмес. Пландуу картографиялык материал жоктугунан эски республикалык чек араны калыбына келтирүү татаалдашкан. Ал эми жерди иш жүзүндө пайдалануу жер чектери өз ара бири-бирине кирип кеткендиктен (бул нерселер да түп-тамырынан өзгөртүүнү талап кылат) Кыргыз ССРинин эл комиссарлар совети жана Жогорку Советин Кыргыз ССРинин Фрунзе району менен Өзбек ССРинин Алты-Арык жана Фергана райондорунун ортосунун республикалык чек араны учурунда бир топ аралыкка чейин алмашып калгандыгын жана аралаш суу пайдаланууну эске алуу менен табигый, географиялык белгилерине карата аныктоо боюнча СССР Жогорку Советинин аракет ишин козгоо жагы суралган. Халмион (Кадамжай) району менен Алты-Арык райондорунун ортосунда респубикалык чек араны аныктоо маселесин ошол кездеги жетекчилер аягына чыгара алган эмес. Халмион районун Калинин атындагы МТС, Жошук ж.б. колхоздору. Ошол учурда республикалык чек ара жүзүндө пайдаланган жерлери-чек аралары эсептелет. Айта кетчүү нерсе эки республиканын тең колхоздорунун иш жүзүндө пайдаланып жүргөн жерлери бир катар олуттуу кемчиликтерге жол берилген. Алты-Арык районундагы Вуадыл айылдык өкмөтүнүн Бирлик колхозунун бир бригадасы биздин райондун аймагында райборбордон 10км аралыкта турган. Айрым элдүү пункттар (Шахимардан, Иордан) кыргыз айылдарынын ортосунда жайгашып, административдик баш ийүү боюнча Өзбек ССРине карайт. Ал эми Өзбек кыштактарынын ортосунда жайгашкан Катпут кыштагы Кыргыз ССРине баш ийет. Кийинчерээк бул айыл Өзбек ССРинин курамына кирген. Ал эми Шахимардан, Иордан айылдары биздин мамлекеттин ортосунда анклав бойдон сакталып келет. Келтирилген фактылар республикалар аралык жерлердин бири-бирине тилкеленип, алмашып кирип калгандыгы аралаш суу пайдаланууну ошондой эле МТСтин машина паркын жана колхоздорду административдик чарбалык тейлөөнү жакшыртуучу территориялык (аймактык) шарттарды түзүүнү эске алып, республикалык чек араны жаңыдан аныктоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Ушул маселеге ылайык жана жер чатактарын толук четтетүү максатында Кадамжай (мурдагы Халмион) Райатком республикалык чек араны төмөндөгүдөй аныктоону максатка ылайыктуу деп эсептелген:

а) Калинин атындагы колхозу Өзбек ССРинин колхозунун жер пайдалануу чектеринде жайгашкан катары Өзбекстанга өткөрүп берүү:

б) Өзбек ССРинин Вуадыл, Каптархана административдик аймагынын карамагына Калинин атындагы колхозду өткөрүп берүү менен республикалык чек араны Кызыл-Таш тоо кыркасы аркылуу аныктоо зарылдыгы келип чыгат. Атай кетсек;

Акыркы мезгилдерде кыргыз элитасынын көрүнүктүү өкүлдөрү Шахмардан анклавынын түзүлүп калуусуна А.Орозбековду күнөөлүү деп эл арасында далилсиз сөздөрүн айтышууда. Бирок мунун тескерисинче Кыргызстан БАКтын А.Орозбековдун жетекчилигинде 1927-жылы 15-мартында Шахмардан жөнүндө токтом кабыл алган. Анда: «Шахмардан жана Иордон айылдары Кыргыз АССРинин курамына сөзсүз кирүүсү керек. Азыркы Өзбекстанга караштуу Шахмардан селсовети тез арада жоюлуп, Ош кантонунун курамынадагы Шахмардан селосовети болуп түзүлсүн. Ош кантондук аткаруу комитетине Шахмардан селсоветин уюштуруу жана каттоо сунуш кылынсын. Райондоштуруу боюнча Орто Азия комиссиясынын Өзбек өкмөтү ага караштуу Шахмардан селсоветин жоюнун мөөнөтүн белгилөө суралсын. Өзбек өкмөтү Шахмардан селсоветин жоюу маселеси кечиктирсе СССР БАКка чейин жеткирилсин». Мындан кыргыз Борбордук Аткаруу комитетинин позициясын толук түшүнүүгө болот. Демек, А.Орозбеков менен Өзбекстан БАКтын төрөгасы Ахунбабаевдин оозеки келишиминин негизинде «Шахмардан Өзбекстанга белекке берилген» деген сөздүн эч кандай негизи жок [5, 12]. СССР БАК бул маселеге кандайча аралашкандыгы белгисиз. Ал эми бул аймактагы чек ара маселеси мурдагы абалында өзгөрүлбөй калгандыгы белгилүү. Ошентип, Кыргызстандын аймагында мыйзамсыз анклавды пайда кылган. Кыргызстандын Вуадил, Кувасай, Мархамат, Заркент, Үч-Коргон, Исфара, Сох ж.б. экономикалык борбор катары саналган калктуу пункттарды өз аймагына бириктирүү боюнча аракеттери натыйжасыз аяктаган. 1927-жылдын 3-майында Кыргызстан Исфара жана Сох маселеси боюнча өз талабын канааттандырууга жетишкен. Бирок ага нааразы болгон Өзбекстан Кыргызстанга берилген жерлер жөнүндөгү союздук органдардын чечимин кийинки күнү эле жокко чыгарууга жетишкен. Жыйынтыгында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы оор, акырына чыкпаган талаш-тартыштарды үч жылга токтотуу жөнүндө СССР БАК 1927-жылдын 4-майында чечим чыгарган. Ошентип, Фергана өрөөнүндөгү мамилекеттик түзүлүштөр, этнотерриториялык бөлү-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



нүүлөргө чекит коюлган. Жыйынтыгында 50 өзбек (тажиктер эл каттоодо өзбек деп туура эмес аталган), 14 сарт, 2 түрк жана бир канча кашкар айылдары кыргыз тарапта калган.

Эң өкүнүчтүүсү 100 кыргыз, 28 кыпчак, 17 түрк, ондогон кара калпак курама жана башка айылдар Кара-Кыргыз автономиялуу областынын аймактык объектисининин негизги бөлүгү – өзбек секторунда калган. А.Орозбеков бир нече жолу жасаган иш аракеттериден жыйынтыктык чыкпат. Жыйынтыгында 1929-жылы Кыргыз АССРинде ирригациялык системаларда сууну туура бөлүштүрүү жана пайдалануу тартиби боюнча №80 токтому коңушу өлкөлөрдүн саясатын өзгөртөт. Борбордук Аткаруу Комитетинин №154 протоколунун 7-пункту менен 25-мартта бекитилип, Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл комиссарлар Советинин №80 токтому 1929-жылы 15-мартта кабыл алынган эле. Анда негизинен Кыргыз жерлерин айдоо аянттарды кеңейтүү, суу менен туура камсыздоо максатында чыгарылган. Аталган мыйзамдын негизинде кыргыз эли чарба жүргүзүүнүн баскычтуу укладын түптөгөн. Бул мыйзам бизди көп жылдар бою окуп үйрөнүүнүн, практикалык иш-аракеттердин жыйынтыгы менен философиялык жөдөмдүүлүгү күчтүү жетекчи катары А.Орозбековду таанууга түрткү берет [6. 27]. Советтик доордогу чек ара маселелерин изилдеген окумуштуулардын көбү бир жактуу көз караштагы эмгектерди чыгарышты. Китеп, илимий макалалардын басымдуу бөлүгүндө чыр-чатактардын алдын ала келип чыгуу себептерин жазышкан. Аларды көбүнчө өлкө жетекчилери эске албай келет. Борбордук Азия республикаларынын окумуштуулары: У.Абдуллаев, С.Агзамхожаев, С.Олимова, А.Аскаров, И.Жаббаров, А.Ильхамов, Ш.Камоллидин, А.Койчиев, Р.Масов, Р.Рахимов, К.Шаниязов, П.Шозимов, А.Махамадазимов ж.б. чек ара маселелери, аймактык республикалардын калыптануу маселелери боюнча бир катар иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн [7]. Бирок бул эмгектер авторлордун өзүнүн улуттук тарыхын эске алуу менен жазылып, тенденциялык мүнөзгө ээ. Алардын кээ биринде так эмес жана бурмаланган 17 фактылар, белгилүү тарыхый окуяларды атайын жашыруу, пантүркизм, панисламизм идеяларын пропагандалоо ж.б. көп кездешет. Бул эмгектердин көпчүлүгүндө Борбордук Азиядагы этно-саясий жана социо-маданий процесстер чагылдырылган. Аймактагы чек ара маселелерин көбүнчө өзбек жана тажик илимпоздору изилдешкен. Ал эми А. Койчуев, Национально-территориальное размежевание в 137 Ферганской долине (1924-1927 гг.) жана башка омуштуулардын, ошондой эле архивдик маалыматтардын жардамында кыргыз өзбек чек арасынын чечилбеген иш-аракеттердин жыйынтыгын аныктап бөлүштүрүү зарыл.

Чек араны тактоо боюнча биринчи документ 1991-жылы 14-мартта Кыргызстан менен Өзбекстан ортосунда түзүлгөн «Достук жана кызматташтык» жөнүндөгү келишим. Экинчи документ 1991-жылы декабыр айында Алматыда декларация кабыл алынган. Ага Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстандын жетекчилеринин баарынын колу коюлган. Баары ратификациялап, мыйзамдаштаралган. Үчүнчү документ 1992-жылы 14-декабрда Минскиде декларация кабыл алынган. Анда да ушундай эле сөздөр жазылып, милдеттенмелер алынган. Төртүнчү документ 1994-жылы 14-декабрда Москвада чек аралар жөнүндө, территориялар жөнүндө декларация. Бешинчи документ 1996-жылы 24-декабрда Ташкентте кабыл алынган Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосунда кабыл алынган «Түбөлүк достук» жөнүндөгү келишим.

Жер талаштарынын чечилбегендиги Өзбекстанга бул райондун территориясынан нефть менен газды сордуруп алууга мүмкүнчүлүк берет. 175 нефть жана 14 газ скважиналардын азыркы күндө 60 нефть жана 11 79 газ скважинасы иштеп, суткасына 80 тонна нефть менен 20 000 куб метр газ өндүрүп алууда [9].

1999-жылы Өзбекстандын КМШ өлкөлөрү үчүн визасыз режим жөнүндөгү Бишкек келишиминен чыгып коңшу өлкөлөр менен визалык режимди орнотуп, мамлекеттик чек араны бир тараптуу жаап, чек ара күзөт жайларын орноткон. Бул иш аракеттер И.Каримовдун режимине каршы илсамчыл күчтөрдүн бир катар террористтик иш аракеттеринен улам ишке ашкан. Террористтердин кол салуусун майтаруу максатында жасалган Ташкенттин мындай кадамдары коңшулаш мамилекеттер менен болгон мамилелердин солкундашына алып келип, жарандардын өз ара каттамдарына бөгөт койгон. Натыйжада тууган элдердин ортосундагы тарыхый байланыш үзүлө баштаган. Визалык режим эки мамлекеттин элдери ортосундагы баарлашууну татаалдантты, виза алуучу консулдуктар Бишкек менен Ташкентте гана жайгашкандыгы да кошумча тоскоолдук жаратты. Андан сырткары, визалык режим киргизүү менен мурда болуп көрбөгөндөй кырдаал түзүлдү. Бул көйгөй чек аранын бери жагында жашаган, ал эми чек аранын аркы жагында иштеген жана туугандары бар этникалык өзбектер менен тажиктер үчүн өтө курч болгон. Өзбек өкмөтүнүн мындай кадамдары үч республиканын чек ара көзөмөлдөөчү түйүндөрүндө майда кагылышуулардын жана жаңжалдардын ири толкунун пайда кылган. Кыргыз-өзбек чек арасы формалдуу түрдө мамлекеттик эмес, административдик-территориалдык бойдон калууда, анткени анын делимитациясы менен демаркациясы жүргүзүлгөн эмес, бул болсо белгилүү көйгөй жара-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тат. Талаш территориялардагы чек ара сызыктарын эч кандай алдын алуу белгилерин койбой туруп, бир тараптуу түрдө мина талаалары менен курчоо эл аралык укук нормаларына эле эмес, түбөлүк достук жөнүндөгү эки тараптуу келишимдерге да каршы келет. Натыйжада 2001-2002-жылдары жаткырылган миналардан 13 карапайым жаран каза болгон [7]. 2004-жылдын июнунда Өзбекстандын өкүлү Венадагы ЕККУнун Туруктуу Кеңешинин атайын отурумунда мамлекеттик чек ара тилкелерин минадан тазалоо боюнча маселени карап чыгууга даяр экенин билдирген. Ошол жылдын июль-августунда Айдаркен, Баткен, Сох, Кувасай айылдарында Кыргызстан менен Өзбекстандын Чек ара кызматтарынын өкүлдөрүнүн бир катар жолугушуулары болуп өткөн. Сүйлөшүүлөрдөн кийин өзбек тарап өзүнүн Сох жана Шахимардан анклавдарынын ортосундагы территориясын миналардан тазалоого киришкен [8].

Өзбекстан Ош-Баткен жолунун Кадамжай району менен чектешкен аймагына 2013-жылдын 19-сентябрынан баштап, кошумча эки чек ара көзөмөл бекетин орноткон. Ошентип, Өзбекстандын негизги аймагына киргүгө мүмкүнчүлүгү жок транзиттик жолдун 14 чакырым аралыктагы кириш-чыгышына «Жабагы» жана «Вадил» бекеттери коюлушу кыргызстандык жүргүнчүлөргө кыйла түйшүк арттырды. Бул арада Ошко же тескерисинче Баткен тарапка жол тарткан унаалар жаңы курулуп жаткан Көк-Талаа–Пулгөн жолу аркылуу каттап турушту. Өзбекстан тарапка киргүчү унаалар да бир канча чакырым айланып, ошол жол менен каттаганга аргасыз болушту. Алар кошуналар негизги аймагына киргүгө эч кандай жылчыгы жок бул жергиликтүү тургундардын арасында Өзбекстан Кыргызстан менен кээ бир маселелерин чечүүдө мурда Сох анклавын аралап өткөн жолду пайдаланып келсе, эми андай мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан ушул бекеттерди коюуну ойлоп чыкты дегендер да бар. Анткени акыркы 2-3 жылдан бери Баткен облусунун калкы Сохту айланып өтчү жаңы жол менен жүрүп калган. Ош-Баткен жолунун пост коюлган бөлүктөрүндө 2000-жылдарга чейин да, кошуналардын көзөмөл бекеттери иштеп турган. Акыркы жылдары Баткен облусттук бийлиги тараптан маселени чечүүгө кандайдыр бир аракет жасалганы байкалган жок. Качан гана эл наараазы болуп көчөгө чыккандан кийин, эки өлкөнүн чек ара кызматтарынын жетекчилери сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. Жыйынтыктап айтканда –мамлекттин чек арасынын такталышы, өлкөдө чарба жүргүзүүгө, экономикалык саясий абалына чоң таасир берет.

**Адабияттар:**


1. Аламанов С.К   Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. - Б., 2005.
2. Кыргыз-Кытай мамлекеттеринин чекарасы жөнүндө. Материалдар жана документтер. - Б., 2003.
3. Кыргыз республикасынын экономикасы. - Б., 2007.
4. Таиров Х.Р. Кадамжай районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн тарыхы (1917-2017-жж.) kg №046.(125) 18.04.20096.
5. Кадыров А. Майдан kg №02 (131) 22.1.2014
6. Таиров Х.Р. Кадамжай районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн тарыхы (1917-2017-жж.) kg №04(124) 18.04.2009.
7. Шустов А. Горячие границы Центральной Азии. Рубежи между странами становятся очагами конфликтов [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://topwar.ru/28252-goryachie-granicy-centralnoy-azii-rubezhimezhdu-stranami-regiona-stanovyatsya-ochagami-konfliktov.html.
8. Аламанов, С. Кыргызско-узбекские границы [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://www.24.kg. 20.07.09. - Загл. с экрана.
9. Этнотерриториальные и пограничные проблемы Центральной Азии [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://analitica.org/2450.- Загл. с экрана.
10. Койчуев, А. Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924-1927 гг.) [Текст] / А.Койчуев. - Бишкек: [б.и.], 2001.
11. Кадыров А.А., Таиров К.А. Приграничные проблемы в Баткенской области и их влияние. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. - С. 93-95.
12. Абдикеримов А.Ш. Приграничные проблемы в Баткенской области. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 10. С. 178-180.